КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

06.04.2023 г. № 1788/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республиканын аймагында балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча жолугушууларды уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында укук бузууларды алдын алуу жөнүндө» Мыйзамынын, 2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясынын алкагында, республиканын аймагында балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу, алардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, жаштар арасында аракечтиктин, тамеки тартуунун, баңги заттарды колдонуунун, жан кечтиликтин алдын алуу иш-чараларын күчөтүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Мобилдүү автомашиналардын ишмердигин колдоо боюнча ассоциациясы (макулдашуу боюнча) менен биргеликте 2023-жылдын 9-19-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын облустарында жана Бишкек, Ош шаарларында балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча жолугушуулардын графиги тиркемеге ылайык бекитилсин жана аталган графикке ылайык уюштурулсун.
2. Ар бир облуста, Бишкек жана Ош шаарларында болгон жолугушууларга милдеттүү түрдө облустук усулдук билим берүү борборлорунун, билим берүү институттарынын жетекчилери, Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары жана балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш алып барган адистердин катышаары белгиленсин.
3. Облустук усулдук билим берүү борборлорунун, билим берүү институттарынын жетекчилери, Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын башчылары аталган иш-чараларга жолугушуу өтө турган жерге жакын жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорунун тарбия иштери боюнча орун басарларынын жана социалдык педагогдордун катышуусун камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республиканын облустарында жана Бишкек, Ош шаарларында балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча жолугушууларга катышуу үчүн:

- 2023-жылдын 9-12-апрелине чейин министрликтин Тарбия иштери боюнча секторунун жетектөөчү адиси И.К. Токонова Баткен, Ош жана Жалал-Абад облусуна иш сапарга жөнөтүлсүн;

- 2023-жылдын 12-14-апрелине чейин Талас жана Чүй облустарына жана 17-19-апрелге чейин Ысык-Көл жана Нарын облустарына министрликтин Мектептеги билим берүү жана китеп чыгаруу саясаты башкармалыгынын башкы адиси Г.К. Абдылдаева иш сапарга жөнөтүлсүн.

5. Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү (Б.М. Мураталиева) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» токтомуна ылайык иш-сапарга кеткен чыгымдарын төлөп берсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону министрдин орун басары Т.А. Ашымбаевага жүктөлсүн.

**Министр** **К.К. Иманалиев**

Кыргыз Республикасынын
Били берүү жана илим министрлигинин
2023-жылдын 06.04. №1788/1
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Мобилдүү автомашиналардын ишмердигин колдоо боюнча ассоциациясы (макулдашуу боюнча) менен биргеликте 2023-жылдын 10-18-апрелине чейин Кыргыз Республиканын облустарында жана Бишкек, Ош шаарларында балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча жолугушуулардын графиги**

| Убактысы | Аймактын аталышы | Жолугушуу ото турган орду |
|---|---|---|
| 10-апрель | | |
| 10.00 | Баткен облусу | КР Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 11-апрель | | |
| 10.00 | Ош облусу | КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 14.00 | Ош шаары | Ош шаарынын мэриясынын жыйындар залында |
| 12-апрель | | |
| 10.00 | Жалал-Абад облусу | КР Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 13-апрель | | |
| 10.00 | Талас облусу | КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 14-апрель | | |
| 10.00 | Бишкек шаары | Ош шаарынын мэриясынын жыйындар залында |
| 14.00 | Чүй облусу | КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 17-апрель | | |
| 10.00 | Ысык-Көл облусу | КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |
| 18-апрель | | |
| 10.00 | Нарын облусу | КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында |

***Эскертүү:*** *Жолугушуу өтө турган орду өзгөрүп кетиши мүмкүн.*